# КАТЫШУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ
# O`STIN ДҮКӨНДӨРҮНҮН КЛУБДУК ПРОГРАММАСЫНА КАТЫШУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1. КЫСКАРТУУЛАР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

### 1.1. Кыскартуулар

**АБ – Акциялык бонустар**

**КБ – Кешбэк бонустар**

**КК – Клубдук карта**

**КП** – O`STIN дүкөндөрүнүн Клубдук программасы.

**КП** деңгээли – O`STIN дүкөндөрүнүн Клубдук программасына катышуу деңгээли.

### 1.2. Терминдер жана аныктамалар:

**Компания** – «Остин Кыргызстан» ЖЧК.

**Кардар** – O`STIN дүкөндөрүнүн Клубдук программасына катталбаган жеке жак.

**КК (**клубдук карта) – Клубдук программанын алкагында Компания тарабынан Клубдук программанын Катышуучусун идентификациялоо үчүн колдонулган уникалдуу номерге ээ болгон мөөнөтсүз виртуалдык карта.

**O`STIN дүкөндөрүнүн Клубдук программасы** (мындан ары – Клубдук программа) – сатып алуучуларды кармап калууга жана аларды кызыктырууга, ошондой эле учурдагы Катышуучулардын лоялдуулугунун жалпы деңгээлин жогорулатууга жана жаңы Кардарларда лоялдуулукту өрчүтүүгө багытталган иш-чаралардын системасы.

**Бонус** – келечекте сатып алууда арзандатууну эсепке алуу бирдиги, аны ыйгаруу жана пайдалануу эрежелери ушул Катышуу эрежелери менен аныкталат.

**Бонустук эсеп** – КПнын Катышуучусу жана анын Бонустарынын саны жөнүндө маалыматтардын Компаниянын маалымат базасындагы жыйындысы.

Бонустук эсеп Кешбэк бонустардан жана Акциялык бонустардан турат.

**Кешбэк бонустар** – Катышуучуга КПнын алкагында товарларды сатып алууда ыйгарылган виртуалдык шарттуу бирдиктер.

**Акциялык бонустар** – Катышуучуга Компаниянын акцияларынын (промо-акцияларынын) алкагында белгилүү бир иш-аракеттерди аткаргандыгы үчүн КПнын алкагында ыйгарылган виртуалдык шарттуу бирдиктер.

**КБ/АБны сарптоо (пайдалануу, эсептен чыгаруу)** – сатып алуу учурунда Катышуучунун бонустарын Бонустук эсебинен чыгаруу.

**Каттоо** – КПга катышуу, ошондой эле ушул Жободо көрсөтүлгөн башка мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруу үчүн Кардар тарабынан маалыматтарды, анын ичинде, бирок аны менен чектелбестен, жеке маалыматтарды берүү жол-жобосу.

**Система (CRM-система)** – бардык байланыш каналдарында Кардарды идентификациялоого мүмкүндүк берген колдонмо программалык камсыздоо.

**КПга катышуу деңгээли** – Катышуучунун ага КПнын алкагында ыйгарылуучу Бонустардын санын аныктаган статусу. КПга катышуу деңгээли КПга катышкан бүткүл мезгилдин ичиндеги сатып алуулардын жалпы суммасына жараша болот.

**Катышуу эрежелери** – Клубдук программага катышуу тартибин жана шарттарын жөнгө салган, керектөөчүлөрдүн таанышуусу үчүн жеткиликтүү болгон документ.

**Катышуучу** – 18 жашка толгон жана белгиленген тартипте каттоодон өткөн, O`STIN дүкөндөрүнүн Клубдук программасына кошулган жеке жак.

**Чек** – бул жүргүзүлгөн сатып алуу жөнүндө маалыматты камтыган кагаз алып жүрүүчүдөгү документ.

**2. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ**

2.1.18 жашка толгон, каттоодон өткөн жеке жак КПнын катышуучусу боло алат.

2.2. Клубдук программага катталуу Компанияга Кардар тарабынан КПга катышуу үчүн зарыл болгон көлөмдөгү маалыматты берүү боюнча иш-аракеттеринин комплексин билдирет. Каттоо төмөнкү ыкма менен жүргүзүлүшү мүмкүн: Кардар керектүү маалыматты Компаниянын жооптуу кызматкерлерине оозеки түрүндө берет, кызматкерлер ал маалыматты Компаниянын маалымат базасына киргизет.

2.3. Клубдук программага катышуу шарттары менен дүкөндөрдөгү «Керектөөчүнүн бурчунда» таанышууга болот.

**2.4.** Клубдук программа Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан бардык O`STIN дүкөндөрүндө жарактуу.

**2.5.** Клубдук программага катталгандан баштап Катышуучу өзүнүн жеке маалыматтарынын (Аты, Фамилиясы, Атасынын аты, жынысы, туулган күнү, телефону, e-mail) аныктыгын жана өз убагында жаңыланышын өз алдынча көзөмөлдөйт. Катышуучу өзүнүн жеке маалыматтарын Компаниянын жооптуу кызматкерлерине билдирүү аркылуу өзгөртүшү мүмкүн. Өзү жөнүндө жалган (так эмес, анык эмес) маалыматтарды берген учурда, ошондой эле эскирген маалыматтарды өз убагында жаңылабаган учурда Катышуучу мындай туура эмес маалыматтардын болушуна байланыштуу бардык терс кесепеттердин болуу тобокелдигин өз мойнуна алат. Маалыматтарды алуу ыкмасынын өзгөчөлүгүнөн улам, Компания Клубдук программанын Катышуучусу тарабынан берилген жеке маалыматтардын аныктыгын текшербейт жана анын актуалдуулугуна көзөмөл жүргүзбөйт. Бирок, Компания Катышуучу анык жеке маалыматтарды берет жана аталган маалыматтарды актуалдуу абалда сактайт деп эсептейт. Анык эмес же актуалдуу эмес жеке маалыматты бергендиги үчүн бүткүл жоопкерчилик, ошондой эле анын мүмкүн болгон кесепеттери Катышуучуга жүктөлөт.

**2.6.** Клубдук программанын ар бир Катышуучусуна жеке Бонустук эсеп ачылат. Катышуучу товарларды сатып алуу жана Компаниянын акцияларына катышуу менен Бонустарды топтойт. 1 Бонус 1 сомго барабар экенин эске алып, кийинки сатып алуунун бир бөлүгүн Бонустар менен төлөөгө болот.

2.7. Бонустар менен товардын чекене баасынын 30% чейин төлөөгө болот (Катышуучуда мындай операцияны жүргүзүү үчүн Бонустардын саны жетиштүү болгон шартта).

**3. O`STIN ДҮКӨНДӨРҮНҮН КЛУБДУК ПРОГРАММАСЫНА КАТТАЛУУ**

3.1. Кардар Клубдук программага катталуу үчүн кассада өзү жөнүндө маалыматтарын берет: Уюлдук телефону, толук аты-жөнү, жынысы, туулган күнү, электрондук дареги.

3.2. Кардар көрсөткөн телефон номерине активдештирүү коду бар SMS-билдирүү жиберилет, Кардар кодду алгандан кийин кассага билдирет.

3.3. Кардар авторизациялоо кодун билдирүү менен Компаниянын керектөөчү менен келишиминин шарттарына (O`STIN дүкөндөрүнүн Клубдук программасы жөнүндө жобонун 3-тиркемеси) макул болот.

3.4. Ушул Катышуу шарттарынын 3.1 - 3.3-пункттарында көрсөтүлгөн бардык иш-аракеттерден кийин КПга каттоо аягына чыккан болуп эсептелет.

## 4. КЛУБДУК ПРОГРАММАГА КАТЫШУУ ДЕҢГЭЭЛИНИН ТҮРҮ

4.1. Клубдук программага катышуунун үч деңгээли бар: Клубдук программага Катышуу деңгээлинин түрү Клубдук программага катышкан мезгилдин ичиндеги сатып алуулардын топтолгон суммасына же Клубдук программанын алкагында бир жолку сатып алуунун суммасына жараша болот:

| КПга катышуу деңгээли | Кийинки деңгээлге өтүү үчүн сатып алуулардын суммасы |
|---|---|
| «БОНУС» | **1 сомдон 20 000 сомго чейин (кошо эсептегенде)** |
| «БОНУС-ПЛЮС» | **20 001 сомдон 40 000 сомго чейин (кошо эсептегенде)** |
| «БОНУС-СУПЕР» | **40 001 сомдон жогору** |

## 5. БОНУСТАРДЫ ЫЙГАРУУ

5.1. O`STIN дүкөндөрүндө сатып алуу жана (же) Компаниянын акцияларына (промо-акцияларына) катышуу менен, Катышуучу сатып алуунун суммасын Бонустук эсебине чогултат жана Бонустарды алат.

5.2. Клубдук программанын алкагында Бонустук эсепке ар бир толук 500 сомдук сатып алуу үчүн Кешбэк бонустар чегерилет, аларды O`STIN дүкөндөрүндө кийинки сатып алууларда пайдаланууга болот. Бонустук эсепке чегерилген Кешбэк бонустардын саны Клубдук программага Катышуу деңгээлине жана сатып алуунун конкреттүү суммасына жараша болот. Чектеги 500 сомдон аз суммадагы сатып алуулар үчүн Кешбэк бонустар ыйгарылбайт, бирок сатып алуунун суммасы Клубдук программадагы Бонустук эсепте эсепке алынат.

Клубдук программага катышуу деңгээлине жараша ар бир толук 500 сомдук сатып алуу үчүн ыйгарылуучу Кешбэк бонустардын суммасы:

| Катышуу деңгээли | Ыйгарылуучу Кешбэк бонустардын саны |
|---|---|
| «БОНУС» | **25 Балл** |
| «БОНУС ПЛЮС» | **35 Балл** |
| «БОНУС СУПЕР» | **50 Балл** |

5.3. Кешбэк бонустар Бонустук эсепке сатып алуу ишке ашырылгандан тартып 1 (бир) сутканын ичинде чегерилет. Аларды ыйгарылгандан кийинки күнү пайдаланууга болот.

5.4. Бардык O`STIN дүкөндөрүндө Кешбэк бонустар арзандатылган товарлардан башка каалаган товарларды сатып алууда ыйгарылат. Башкача айтканда, Кешбэк бонустар арзандатылбаган товарды (мезгилдүү сатып түгөтүүлөр, акциялык товар ж.б.) сатып алууда ыйгарылат. Сатып түгөтүүлөр мезгилинде, ошондой эле арзандатылган товарларга (мезгилдүү сатып түгөтүүлөр, акциялык товар ж.б.) Кешбэк бонустар ыйгарылбайт, бирок сатып алуулардын суммасы КПнын Катышуучусунун Бонустук эсебинде катталат.

5.5. Акциялык бонустар Катышуучуларга Компаниянын акцияларын (промо-акцияларын) өткөрүүдө ыйгарылат. Акциялык бонустардын суммасы конкреттүү акциянын (промо-акциянын) шарттары менен аныкталат. Компания акциялардын (промо-акциялардын) мөөнөттөрүн жана аларды өткөрүү шарттарын өз алдынча аныктайт. Конкреттүү акцияны (промо-акцияны) өткөрүү шарттарын O`STIN дүкөндөрүндөгү «Керектөөчүнүн бурчунда» билүүгө болот.

## 6. БОНУСТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ.

**6.1.** Сатып алууда Катышуучуга мындай тандоо сунуш кылынат: топтолгон Бонустарды пайдалануу же учурдагы сатып алууда буга чейин топтолгон Бонустарды сактоо (сарптабоо).

6.2. Бонустарды пайдалануу жана ыйгаруу үчүн Катышуучу ушул Катышуу эрежелеринин 8-бөлүмүнө ылайык КПда авторизациядан өтүүгө тийиш.

**6.3.** Эгер Катышуучу товар үчүн төлөөдө топтолгон Бонустарды пайдаланууга макулдугун берсе, Бонустарды эсептен чыгарууда алар бирдикке чейин азыраак тарапка тегеректелишин эсепке алуу менен, Бонустар товардын чекене баасынын 30% чейин чыгарылат. Катышуучу Бонустарды пайдалануудан баш тарткан учурда, буга чейин топтолгон Бонустар учурдагы сатып алууда эсептен чыгарылбайт. Товарларды сатып алуу үчүн Бонустарды топтоо жана пайдалануу Катышуу эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.

**6.4.** Бонустар хронологиялык тартипте сарпталат: алгач жарактуулук мөөнөтү аяктаган күнү эртерээк келген Бонустар сарпталат.

**6.5.** Бонустарды накталай акча каражаттарына алмаштырууга болбойт.

6.6. Белек карталарын сатып алууда Бонустар берилет.

6.7. Сатып алуунун Белек картасы менен төлөнгөн бөлүгүнө Бонустар берилбейт – алар сатып алуунун акча каражаттары менен төлөнгөн бөлүгүнө берилет.

**6.8.** Сатып алуунун Бонустар менен төлөнгөн бөлүгүнө Бонустар берилбейт – алар сатып алуунун акча каражаттары менен төлөнгөн бөлүгүнө берилет.

**6.9.** Белек карталарын сатып алууда Бонустарды пайдалануу мүмкүн эмес, башкача айтканда, сатып алынып жаткан Белек картасынын же бир нече Белек карталарынын наркынын бир бөлүгүн Бонустар менен төлөөгө болбойт.

**6.10.** Бонустук эсептеги Бонустардын саны жана алардын жүгүртүлүшү жөнүндө дүкөндүн кассасынан сурап билүүгө болот.

## 7. БОНУСТАРДЫН ЖАРАКТУУЛУК МӨӨНӨТҮНҮН АЯКТАШЫ.

**7.1.** Ыйгарылган Кешбэк бонустар мөөнөтүү болуп эсептелет – пайдаланылбаган Кешбэк бонустар жыл сайын 11-мартта жокко чыгарылат. Үстүдөгү жылдын 1-январынан 10-мартына чейин

ыйгарылган Кешбэк бонустар күйбөйт, алар кийинки жылдын 11-мартына чейин жарактуу болот. Сатып алуулардын топтолгон суммасы сакталат.

**7.2.** Акциялык бонустардын жарактуулук мөөнөтү Компания тарабынан аныкталат. Эгер Акциялык бонустар менен бир мезгилде бир нече акция жүрүп жаткан болсо, сатып алуулар үчүн төлөөдө биринчи кезекте жарактуулук мөөнөтүнүн күнү эртерээк келген Акциялык бонустар пайдаланылат.

## 8. SMS-АВТОРИЗАЦИЯ КЫЗМАТЫ (МЫНДАН АРЫ УШУЛ ПУНКТ БОЮНЧА – КЫЗМАТ).

8.1.SMS-авторизация кызматы Клубдук программанын катышуучуларына уюлдук телефон аркылуу авторизациялануу аркылуу Бонустарды пайдаланууга жана сатып алуулар үчүн Бонустарды алууга мүмкүндүк берет.

8.2.Кызмат Кыргыз Республикасынын аймагындагы бардык O`STIN дүкөндөрүндө жеткиликтүү.

8.3.Клубдук программанын катышуучуларына кызмат акысыз көрсөтүлөт.

8.4.SMS-авторизация кызматынан пайдалануу үчүн Клубдук программанын катышуучусуна талаптар:

8.4.1. Клубдук программага катталууда көрсөтүлгөн уюлдук телефону жанында болууга тийиш.

8.4.2. Сатып алууну ишке ашырууда кассирге катталууда берген уюлдук телефон номерин билдириши керек.

8.4.3. Аталган телефонго авторизациялоо коду бар SMS келгенде, аны кассирге билдирүү керек.

Жогоруда айтылган иш-аракеттер ийгиликтүү аткарылган учурда Клубдук программанын катышуучусу Бонустарды пайдалануу жана учурдагы сатып алуу үчүн Бонустарды алуу мүмкүнчүлүгүн алат.

8.5.Бир тастыктоо кодун бир жолку сатып алууда гана колдонууга болот. SMS-авторизация процесси ар бир сатып алууда өзүнчө жүргүзүлүшү керек.

8.6.КПга катталуу менен Клубдук программанын Катышуучулары Компаниянын жоопкерчилиги жок жана жооп бере албаган, Компаниянын түздөн-түз көзөмөлүндө болбогон жагдайларга байланыштуу кызмат убактылуу жеткиликсиз болуп калышы мүмкүн экенин билишет жана макулдугун ырасташат, анын ичинде Интернетке туташуу боюнча көйгөйлөр, сигналдын начар болушу, уюлдук түйүндөрдүн тыгыны, ж.б.

8.7.Эгер Катышуучу туура эмес кодду айтса (же телефонун үйдө калтырып койгондуктан кодду айта албаса), бирок Система аны телефон номери боюнча идентификациялай алса, анда Катышуучуга Бонустар аларды пайдалануу жана, эгер аларды SMS-авторизация аркылуу гана алуу каралган болсо, кошумча артыкчылыктарды алуу мүмкүнчүлүгүсүз ыйгарылат.

## 9. КАТЫШУУЧУЛАРДЫН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУГА МАКУЛДУГУ.

**9.1.** Клубдук программанын Катышуучулары маалыматтык жана телекоммуникациялык тармактарда автоматташтыруу каражаттарын колдонуу аркылуу же мындай каражаттарды колдонуусуз алуу, чогултуу, жаздырып алуу, системалаштыруу, топтоо, сактоо, тактоо

(жаңылоо, өзгөртүү), чыгарып алуу, пайдалануу, өткөрүп берүү (таратуу, ага жетүүгө мүмкүндүк берүү), ээсиздендирүү, бөгөттөө, өчүрүү, жок кылуу аркылуу өзүнүн жеке маалыматтарын иштеп чыгууга Компанияга төмөнкү жол менен макулдугун ырасташат:

**9.2.** Клубдук программанын Катышуучулары аларга атайын сунуштарды, жаңы товарлар жана жарнамалык акциялар жөнүндө маалыматтарды жиберүү, алардын сурамдарын жана кайрылууларын кароо максатында Компанияга жаздырып алуу, анын ичинде, бирок аны менен чектелбестен, системалаштыруу, топтоо, тактоо, сактоо, чыгарып алуу, атайын сунуштарды, жаңы товарлар жана жарнамалык акциялар жөнүндө маалыматтарды жиберүү, сурамдарды жана кайрылууларды иштеп чыгуу жана Катышуучу тарабынан берилген жеке маалыматтарды жана башка маалыматтарды жок кылуу менен алектенген башка жакка же уюмдарга өзүнүн жеке маалыматтарын, ошондой эле Клубдук программага катышуу максатында берген башка маалыматтарды иштеп чыгууну тапшырууга макулдугун беришет.

**9.3.** Клубдук программанын Катышуучулары Компания тарабынан аныкталган ыкма менен каттоодон өтүүдө Компаниядан электр байланыш тармактары (анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен: SMS-таратуулар, E-mail-таратуулар, телефония, Интернет тармагы) аркылуу төмөнкү мазмундагы маалымат алууга макулдугун ырасташат:

- атайын сунуштар, акциялар жана O`STIN дүкөндөрүндө сатып алуу үчүн жеткиликтүү болгон товарлар жөнүндө жарнамалык мүнөздөгү маалымат;
- Клубдук программа жөнүндө маалымат;
- Клубдук программанын Катышуучусунун Бонустарынын суммасы жана алардын жарактуулук мөөнөтү жөнүндө маалымат;
- Клубдук программанын Катышуучусунун сурамдарын жана кайрылууларын карап чыгуунун натыйжалары жөнүндө маалымат.

Ошондой эле, Компаниядан маалымат Клубдук программанын алкагында индентификациялоо, Катышуучуларга натыйжалуу кардардык колдоо көрсөтүү максатында жана O`STIN дүкөндөрүнүн Клубдук программасынын алкагында башка максаттар үчүн жиберилет.

Маалымат жөнөтүүнүн мезгилдүүлүгү Компания тарабынан аныкталат.

Компания O`STIN дүкөндөрүнүн Клубдук программасына катышуунун алкагында башка маалыматтарды да жибериши мүмкүн.

Клубдук программанын Катышуучулары support@ostin.com почтасы аркылуу Маалымдоо кызматына кайрылып, Компаниядан маалымат алуудан баш тарта алышат. Маалымат алуудан баш тартуу үчүн Клубдук программага катталууда берген уюлдук телефон номерин билдирүү зарыл.

## 10. КАТЫШУУЧУНУН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ ҮЧҮНЧҮ ЖАКТАРГА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ.

10.1. Компания Катышуучу тарабынан Керектөөчү менен келишимдин жоболоруна ылайык берилген жана көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды учурдагы ченемдик актыларга, ошондой эле алардын негизинде түзүлгөн ички регламенттерге ылайык сактайт жана иштеп чыгат.

10.2. Катышуучунун жеке маалыматтарына карата купуялуулук, Катышуучу өзү жөнүндө маалыматтарды жактардын чектелбеген санына жалпы пайдалануу үчүн өз ыктыяры менен

берген учурлардан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталган учурлардан сырткары, сакталат.

10.3. Компания Катышуучунун жеке маалыматтарын мыйзам тарабынан мындай маалыматтарды коргоого коюлуучу талаптарга ылайык коргойт жана мындай маалыматты коргоонун коопсуз ыкмаларын пайдалануу үчүн жооптуу.

10.4. Компания Катышуучунун жеке маалыматтарынын корголушун жана алардын тийиштүү түрдө пайдаланылышын камсыз кылуу жана ага уруксатсыз жана/же кокусунан жетишүүнүн алдын алуу үчүн керектүү жана жетишерлик техникалык жана административдик чараларды колдонот. Катышуучу тарабынан берилген жеке маалыматтар корголуучу жайларда жайгашкан, жеткиликтүүлүгү чектелүү серверлерде сакталат.

10.5. Компания Катышуучунун жеке маалыматтарын үчүнчү жактарга төмөнкү учурларда өткөрүп берүүгө укуктуу (анын ичинде жаздырып алуу, системалаштыруу, топтоо, тактоо, сактоо, чыгарып алуу, Колдонуучуга атайын сунуштарды, жаңы товарлар жана жарнамалык акциялар жөнүндө маалыматтарды түздөн-түз жиберүү, сурамдарды жана кайрылууларды иштеп чыгуу, ошондой эле жеке маалыматтарды жок кылуу менен алектенген уюмдарга):

- 10.5.1. Катышуучу Клубдук программанын Катышуучусу катары катталуу менен жана анын шарттарын кабыл алуу менен мындай иш-аракеттерге макулдугун айкын билдирди;
- 10.5.2. Маалыматтарды өткөрүп берүү Катышуучу тарабынан белгилүү бир сервисти пайдалануу же Катышуучуга кызматтарды көрсөтүү, ушул эрежелерге ылайык милдеттенмелерди аткаруу үчүн керек;
- 10.5.3. Маалыматтарды өткөрүп берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары же мыйзамдар менен белгиленген жол-жобонун алкагында башка мыйзамдар менен каралган.

Компания Клубдук программанын Катышуучуларынын жеке маалыматтарын иштеп чыгууда Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтарды коргоо жөнүндө мыйзамы менен жетектелет.

## 11. БАШКА ШАРТТАР

**11.1.** Катышуучу өзүнүн сунуштарын, эскертүүлөрүн жана дооматтарын support@ostin.com аркылуу Маалымдоо кызматына жибере алат.

11.2. Компания Клубдук программага катышуу шарттарын жана башка байланышкан документтерди бир тараптуу тартипте кандайдыр бир атайын билдирүүлөрдү жиберүүсүз өзгөртүүгө укуктуу.

11.3. Клубдук карта менен шектүү иш-аракеттер пайда болгон учурда же Катышуучу Клубдук программанын шарттарын бузган учурда Компания Клубдук картаны жана ага тиешелүү Бонустук эсепти себептерин түшүндүрбөстөн бөгөттөөгө укуктуу.

11.4. Клубдук программага катышуу эрежелерине жана/же башка байланышкан документтерге Аткаруучу тарабынан бир тараптуу тартипте киргизилген өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор дүкөндөгү «Керектөөчүнүн бурчунда» жарыялангандан тартып күчүнө кирет. Клубдук программага катышуу эрежелерине жана башка байланышкан документтерге өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду дүкөндөгү «Керектөөчүнүн бурчунда» жарыялоо мындай өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор жөнүндө расмий билдирүү катары эсептелет. Клубдук

программага катышуу эрежелерине жана башка байланышкан документтерге Аткаруучу тарабынан мыйзамдардын өзгөрүшүнө байланыштуу киргизген өзгөртүүлөрү жана/же толуктоолору аталган мыйзам актыларына өзгөртүүлөр күчүнө киргенде эле дароо күчүнө кирет.